**11-тиркеме**

**2020-жылдын 20-майындагы**
**№10 деп. Кеңеште каралды**

**БЕКИТЕМ**
Мектеп директору
________А.Асаналиева
______________2020-жыл

*(Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2018-жылдын 7-мартындагы №269/1 буйругу)*

**К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин Апелляциялык комиссиясынын структурасы жана иштөө тартиби жөнүндө**

# НУСКАМА

## 1-бөлүм

1. Аттестациялык комиссия Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Апелляциялык комиссиясы жөнүндөгү жобосунун талаптарына ылайык түзүлөт. Комиссия курамы мектеп директорунун буйругуна ылайык 3 (үч) адамдан түзүлөт.
   - Комиссиянын төрагасы/төрайымы
   - Эки мүчөсү
   - Катчы
2. Апелляциялык комиссия өз ишин конкурстун же экзамендин жыйынтыгы чыккандан кийин алып барат.

## 2-бөлүм. Апелляциялык комиссиянын укуктук милдеттери:

3. Конкурстук же экзамендик талдоо бүткөндөн кийин катышуучунун аппеляциялык арызын карайт.
4. Коюлган баанын же жыйынтыктын коюлган талаптарга ылайык келиши жөнүндө чечим чыгарат.
5. Аппеляциялык комиссия билим берүү уюмдарында иштеген кызматкерлердин укуктарын коргоо максаттарын көздөйт.
6. Комиссиянын ишине наразы болгон тарап аппеляциялык комиссиянын төрагасына/төрайымына конкурсту же экзаменди өткөрүүнүн тартиби жөнүндө атайын арыз менен кайрылат. Арызда конкурстук же экзамендик баа төмөндөтүлүп коюлгандыгы жөнүндө ынандыраарлык мисалдарды келтирет.

## 3-бөлүм. Конкурстук тандоо жыйынтыктары боюнча аппеляциялык комиссиянын ишин уюштуруу:

7. Конкурстун же экзамендин тандоо жыйынтыктары боюнча ишти аппеляциялык коммисиянын төрагасы/төрайымы уюштурат.
8. Аппеляциялык комиссиянын чечими комиссиянын мүчөлөрүнүн ачык добушунун негизинде чыгат. Добуштар 2 тарапка теңме-тең болуп калса, комиссиянын төрагасы/төрайымы чечүүчү добушка ээ болот.

Scanned by TapScanner

**4-бөлүм. Конкурстук тандоодон кийин апелляцияга берүү тартиби:**

9. Апелляция берүүчү конкурстун же экзамендин калыстык менен өтпөгөндүгү жөнүндө, коюлган баага наразы экендиги жөнүндө апелляциялык комиссияга кайрылат.
10. Апелляция учурунда баалардын туура коюлушу каралат.
11. 3-тарап тарабынан жазылган апелляция каралбайт.
12. Конкурсанттын ден-соолугуна байланыштуу өзүн жаман сезүүсү апелляцияга негиз боло албайт.
13. Апелляция берүүчү апелляция тууралуу арызын конкурстун\экзамендин жыйынтыгына чейин күнү же эртеси күнү берүүсү керек.
14. Апелляцияга арыз берүүчү өзү келбей калса, апелляция кайра каралбайт.
15. Апелляцияны кароонун чечими төмөндөгүдөй болушу керек:
    - Апелляцияга берүүчүнүн талабы аткарылбайт, баа ошол бойдон калат;
    - Апелляциянын талабын аткаруу, бааны өзгөртүү;
16. Апелляциялык комиссиянын протоколу жазылат;
17. Апелляциялык комиссиянын чечими акыркы болуп эсептелет жана кайра өзгөртүүгө берилбейт.

**5-бөлүм. Жыйынтыктоочу жоболор.**

18. Берилген жобо бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.
19. Берилген жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү мектептин педагогикалык кеңешинде берилген сунуштар боюнча директор тарабынан киргизилип, бекитилет.

Scanned by TapScanner





«Жаңыча окутуунун стратегияларынын шартында окутуунун максаттарын белгилөөнүн өзгөчөлүктөрү» деген темада кыргыз тили жана адабияты, тарых усулдук бирикмеси мугалимдерге семинар өтүштү. Максат коюу тууралуу төмөнкү маалыматтарды берип өтүштү.



Мугалим сабакка максатты коюуда жаңы окутуунун стратегиясынын негизинде кыска, негиздүү жана жөнөкөй, жеткиликтүү башкача айтканда окуучунун позициясына карата коюшу керек.

Сабактын максатын тагыраак коюу үчүн, **SMART** деп аталуучу максаттарды туюнтуучу критерийлерди эске алуу менен коюу сунушталат. **SMART**- максаттарды коюунун жана түзүүнүн белгилүү жана натыйжалуу технологиясы. Ал акыл-эстүү максатты билдирет жана чыныгы максат кандай болууга тийиш экендигин билдирген англис сөздөрүнүн башкы тамгаларын бириктирет.

**S-конкреттүү, спецификалуу;**
**M-ченеле, өлчөнө турган;**
**A-жетишиле, ишке ашырыла турган;**
**R-реалдуу, натыйжага багытталган;**
**T-убактысы аныкталган.**

Scanned by TapScanner

Сабактын максаттары-жашоо ишмердигинин ар кандай: таанып-билүү, эмоционалдык-баалуулукту жана жүрүм-турумдук чөйрөлөрүн камтышы керек. Башкача айтканда, натыйжалар таанып-билүүдөгү өзгөрүүлөрдү, мамилелердегиөзгөрүүлөрдү, ошондой эле жүрүм-турумдун өзгөрүүлөрүн чагылдырышы керек.

Максат канчалык анык коюлса, окуучу ошончолук маалыматты тагыраак билет. Мугалим тарабынан темага жараша алдын ала багыттоочу суроолорду берүү менен окуучунун оюн темага багыттай алат.Максатка ылайык күтүлүүчү натыйжалар окуучуларга алдын ала билдирилиши керек башкача айтканда мугалим менен окуучунун ортосундагы бири-бирине болгон өз ара байланыш сабактын максатынан башталып, сабактын аягына чейин сакталса сабак жогорку деңгээлге жетет. Максатта коюлган көрсөткүчтөр сабактын бышыктоо, жыйынтыктоо этаптарында ишке ашырылып, сабактын аягында канчалык деңгээлде максат ишке ашкандыгына кайрылуу зарыл. Окуучуга карата коюлган максат бир кыйла натыйжалуу болоорун иш тажрыйбалардан байкалгандыгын айтышты.Ошондой эле максатты окуучулар менен биргеликте коюу да жакшы экендигин, окуучулар ошол коюлган максатты ишке ашырууга аракет кылууларын белгилешти.

Ар бир усулдук бирикмелер календардык планын, күнүмдүк сабактардын пландарын стандарттын негизинде түзүшүп, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү киргизишти. Сабактарды ошол компетенттүүлүктөрдүн негизинде түзгөндү, ошол күтүлүүчү натыйжаларды кандайча калыптандырууну, ар бир деңгээлдеги тапшырмаларды түзгөндү, мазмундук тилке боюнча сабакты пландаштырууну толугу менен ишке ашырылууда.

Scanned by TapScanner



**Башталгыч класстын мугалими**
**Мамырканова Сейил**

**Классы:** 3$^{б}$-класс
**Предмети:** Адабий окуу
**Сабактын темасы:** 9-май Жеңиш күнү
**Сабактагы колдонулуучу методдор:** Интерактивдүү

**Колдонулуучу каражаттар жана материалдар:** Окуу китеби,түстүү сүрөттөр,слайд

**Предмет аралык байланыш:** кыргыз тили, математика,тарых,сүрөт

**Окуучуларга калыптандыруучу компетенттүүлүктөр.**

| № | Сабактын максаты: | Негизги компетенттүүлүк Аспекти ,деңгээли | Көрсөткүч, Күтүлүүчү натыйжа: | ПК |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Билим берүүчүлүк:** Улуу Ата Мекендик согуш тууралуу маалымат алышат. Ырлардын мазмуну менен таанышышат. | **1.Маалыматтык компетенттүүлүктөр.** Уулуу Ата Мекендик согуш тууралуу, 9-май Жеңиш майрамы ыры менен таанышышат | Улуу Ата Мекендик согуш жылдарынан маалымат алышса. | ПК-3 |
| 2 | **Өнүктүрүүчүлүк:** ***Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө алган маалыматтарын айтып беришет, берилген тапшырмаларды аткара алышат.*** | **2.Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүктөр.** Берилген тапшырмаларды туура аткарышат. | Берилген тапшырмаларды аткара билишсе. | ПК-4 |
| 3 | **Тарбия берүүчүлүк:** ***Согушта курман болгон аталардын эрдигин эстен чыгарбай, мекенчил уул-кыздардан болууга багыт алышат.*** | **3.Өзүн-өзү уюштуруу.** Мекенчил уул-кыздардан болууга үйрөнүшөт. | Мекенчил уул-кыздардан болууга багыт алышса. | ПК-5 |

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын этабы | Убагы | Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети | Негиз-ги. | Предмет-тик. |
|---|---|---|---|---|---|
| 1.**Уюшту-руу** | 3мин | Саламдашуу<br>-Ар дайым ачык кабагым,<br>Дайым даяр сабагым.<br>Саламаттык каалаймын,<br>Саламатсыңарбы балдарым.<br>-Азаматсыңар балдарым,<br>Бар болгула ар дайым.<br>Жагымдуу маанай түзүү.<br>«Тынчтык керек!» ырын угузуу | Саламдашышат<br>Саламатсызбы, эжей!<br><br>Жагымдуу маанай түзүшөт.<br><br>Ырды угушат. | НК-3 | |
| **2.Үй тапшырма-ны текшерүү** | **5 мин** | Май айы. Сулуу май.<br>Ырды жатка айтып беришет. | «Май айы» ырын балдар айтышат. | НК-3 | ПК-5 |

Scanned by TapScanner

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Мээге чабуул | 1 мин | Май айында 1-майдан башка кандай майрамдар бар? | Теманы табышат. 5-май, 9-май, 18-май «энелер күнү», 25-май акыркы коңгуроо | | |
| **3.Максат коюу** | **2 мин** | Максатын чогуу окуучулар менен коем.<br>Слайддан максатын тааныштырам. | Максатын чогу коюшат. | | |
| **6.Жаңы тема** | **5 мин** | 9-май майрамы кандай кандай майрам?<br>Эмне үчүн ушул күнү майрамдалат?<br>-Туура айтасыңар!<br>-Азыр көңүлүңөрдү слайдка бурсак. | Жеңиш майрамы.<br><br>Анткени, ушул күнү Жеңишке жетишти.<br><br>Слайдды көрүшөт. | НК-1 | ПК-2 |
| **8.Интерак-тивдүү тапшырма-лар** | | **9-май ыры**<br>**Каныбек Жунушев**<br>**«9-май»**<br>**1941-жылы 11-ноябрда туулган. Ырлары 1960-жылдан баштап жарыялана баштаган. Балдар акыны. «Күн чубак» китеби балдарга арналган.**<br><br>**Китеп менен иштөө.**<br><br>**9-май күнү жеңишти алып келген баатырлар жөнүндө кайсыл ыр саптарда айтылып жатат?**<br><br>**Майрамдын көрүнүшүн сүрөттөгөн ыр саптар?**<br><br>**Жеңиш майрамы ыры**<br>**Сооронбай Жусуев**<br>**«Жеңиш майрамы»**<br>**1925-жылы 15- майда Совет районундагы Кызыл-Жар кыштагында туулган. Акын Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу.**<br><br>**Китеп менен иштөө**<br><br>***Георгий тасмасы***<br>***Аталган тасманын тарыхы Орус падышачылыгынын убагына барып такалат. 1769-жылы Ыйык Георгийдин урматына иштелип чыккан Георгий орденинин тасмасы бул өңдөрдөн турган. Тасмадагы кара түс согуш учурундагы түтүндү билдирсе, саргылт түс болсо отту*** | Маалымат алышат.<br><br>Ырды купуя окушат, Чынжырча түрүндө окушат.<br><br>Жаңырык окушат.<br>Жекече окуйт,<br>жупта окуйт.<br>Ролдоштуруп окуйт.<br>Түшүнүгүн айтып берет.<br><br>Георгий тасмасы тууралуу маалымат алышат. | НК-2 | ПК-2<br><br>ПК-3<br><br>ПК-4 |

Scanned by TapScanner

Арынбаева Турсунбүбү
Башталгыч класстын мугалим

**Классы:** 2ᵃ-класс
**Предмети:** Мекен таануу
**Сабактын темасы:** Куштар уя салат
**Сабактагы колдонулуучу методдор:** Интерактивдүү

**Колдонулуучу каражаттар жана материалдар:** Окуу китеби,түстүү сүрөттөр,слайд
**Предмет аралык байланыш:** Адабий окуу, математика

Предметтик компетенттүүлүктөр:

ПК2- Окуй алуу компетенттүүлүгү

ПК3- Сөз байлыгы менен иштей алуу компетенттүүлүгү

ПК4- Сүйлөм, текст менен иштей алуу компетенттүүлүгү

ПК5- Аң сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү

**Окуучуларга калыптандыруучу компетенттүүлүктөр.**

| № | Сабактын максаты: | Негизги компетенттүүлүк Аспекти ,деңгээли | Көрсөткүч, Күтүлүүчү натыйжа: | ПК |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Билим берүүчүлүк:** Окуучулар куштар уя салышы жөнүндө жалпы маалымат алышат. | **1.Маалыматтык компетенттүүлүктөр.** Куштардын уя салганын билишет.А-1 Д-2 | Окуучулар куштардын уя салышы жөнүндө жалпы маалымат алышса | ПК-1 |
| 2 | **Өнүктүрүүчүлүк:** Өз алдынча ойлонуп, тапкычтыкка,изденүүгө үйрөнүшөт. | **2.Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүктөр.** Берилген тапшырмаларды так, далилдүү айтышат. А-2 Д-3 | Өз алдынча ойлонуп, тапкычтыкка изденүүгө үйрөнүшсө | ПК-2 |
| 3 | **Тарбия берүүчүлүк:** Жаратылышка аяр мамиле жасоого багыт алышат. | **3.Өзүн-өзү уюштуруу.** Берилген тапшырмаларды аткарат. А-1 Д-2. | Жаратылышка аяр мамиле жасоого багыт алышса | ПК-2 |

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын этабы | Убагы | Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети |
|---|---|---|---|
| 1.**Уюштуруу** | 1мин | Саламдашуу, мугалим окуучулардын, класстын гигиеналык абалын көзөмөлдөйт. Окуу куралдарын текшерет. | Саламдашышат.Өздөрүнүн жана класстын гигиеналык абалын көзөмөлдөшөт. Окуу куралдарын иреттешет. |
| **2.Жагымдуу маанай** | 2мин | Жагымдуу маанай. Арыбаңыздар! | Окуучулар жагымдуу маанай түзүшөт.Амансыңбы, кайрымдуу, Асман ата! Амансыңбы,кайрымдуу Жер эне! Амансыңбы, жаркыраган алтын күн! Амансыңбы, Эжеке! Бар болуңуз! |
| **3.Үй тапшырманы текшерүү** | 6 мин | Сабакка даярдоо. Балдар өткөн сабакта кандай тема өттүк эле? 1.Өсүмдүктөр эмнеден өнүп чыгат? | Окуу китептерин даярдашат. Өсүмдүктөр ойгонду. Өсүмдүктөр эмнеден өнүп чыгат? |

Scanned by TapScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 2.Сүрөттөр менен иштешет. | Данектен, сабагынан жер жемиштер данектен өнүп чыгат. Малина, карагат сабагынан өсүп чыгарын билишет. |
| **4.Максат коюу** | 2 мин | Сабактын темасын доскага жазуу менен максатын түшүндүрүү. | Доскадагы сабактын максатын дептерлерине жазып,сабактынтын максатын түшүнүшөт.Өздөрү максат кое билишет. |
| **5.Мээге чабуул** | 3 мин | Азыр кайсы мезгил?<br>Канча мезгил бар?<br>Жаз мезгилинин канчанчы айы?<br>Апрель айынын кыргызча аталышы?<br>Канчанчы күнү?<br>Жаз мезгили башка мезгилдерден кандай айырмаланат? | Жаз мезгили<br>Төрт мезгил бар<br>Экинчи айы<br>Чын курандын отузу<br>Экинчи күн, шейшенби.<br>Күн жылыйт.Бак-дарактар бүчүр байлайт.<br>Суулар агат. Келгин куштар уя салат. Балапан басып чыгарат. |
| **6.Жаңы тема** | 8мин | Куштар уя салат<br>Видео угузуу<br>Бул видеодон эмнени көрдүнөр?<br>Кандай канаттуулар жөнүндө маалымат алдыңар? | Мугалимдин суроолоруна жооп берүү менен слайддан түшүнгөндөрүн оозеки айтып беришет. |
| **7.Эс алуу мүнөтү** | 1мин | Окуучулар эс алышат | Окуучулар музыка менен бийлешет |
| **8.Интерактив-дүү тапшырмалар** | 13мин | Канаттуу куштар жөнүндө жомоктор.<br>1-тайпа Күкүк жөнүндө<br>2-тайпа Булбул жөнүндө<br>3-тайпа Чабалекей жөнүндө<br>**Топторго тапшырма**<br>1-тайпага<br>2-тайпага<br>3-тайпага<br><br>Логикалык суроолор.<br>**1-суроо** Кайсы канаттуу кышында басып чыгарат?<br>2-суроо Чакчыгайдын уясы кайда болот?<br>3-суроо Токой доктору деп кайсы канаттууну айтабыз?<br>4-суроо Уя салып убара болбогон куш? | Күкүк жөнүндө жомоктон үзүндү айтышат<br>Булбул жөнүндө жомоктон үзүндү айтышат<br>Чабалекей жөнүндө жомоктон үзүндү айтышат<br><br>Көркөм окуу<br>Табышмак табуу<br>Макалдарды чечмелөө<br><br>Туура жооптор.<br>Б) кайчы тумшук<br><br>В)Суурдун ийнинин ичинде<br><br>А)тоңкулдак<br><br>Б)күкүк |
| **9.Жалпылоо бышыктоо** | 5 мин | Күтүү дарагына бүгүнкү алган сабактан уккандарын, билгендерин жазып иштешет. | Кыштын күнү кайчы тумшук балапан басып чыгарарын.<br>Куштар адам баласына пайда келтирет.Жаратылышты коноздойт |
| **10.Баалоо** | 2 мин | Лидер баалайт.<br>Мугалимдин баалоосу. | Өзүн-өзү баалоо |
| **11.Үй тапшырма** | 2 мин | Куштар жөнүндө ыр жаттоо | Күндөлүктөрүнө белгилеп жазып алышат. |

**Гүлкайыр эжей сабак учурунда көптөгөн усулдун түрлөрүн колдонгондугун жана стандарттын негизинде жазылган планын түшүндүрүп өттү.**

Ошондой эле стандарт боюнча башталгыч класстын мугалимдери областтык семинар өтүштү. Беш мугалим Н.Казизова, Н.Исакова, Ж.Мейлиева, Ү.Айтпаева, Б.Арунова жогорку деңгээлдеги сабактарын көрсөтүштү. Келген меймандар эң жакшы деп баалап, ыраазычылыктарын билдирип, тажрыйба алмашуу болгондугун баса белгилешти. Стандарттын бардык компетенттүүлүгү камтылганын, окуучулардын активдүүлүгүн айтышып, башталгыч класстын мугалимдеринин ишине ийгилик каалап өтүштү.

Мисал катары төмөнкү мугалимдин сабагы далил боло алат.

Scanned by TapScanner




Азыркы учурдун сабагынын артыкчылуукту маселеси болуп, мугалимден окуучуга билимдерди, ыктарды жана көндүмдөрдү репродуктивдүү өткөрүп берүү эмес, окуучунун окуу проблемасын өз алдынча белгилөөгө, аны чыгаруунун алгоритмин туюнтууга, процессти контролдоого болгон окуучунун жөндөмдүүлүгүн толук кандуу калыптандыруу, өнүктүрүү жана алынган натыйжаны баалоого үйрөтүү болуп эсептелинет. Сократ айткандай, чоордо ойногонду үйрөтүш үчүн өзү чоордо ойноо керек деген. Так ошондой эле окуучулардын ишмердик жөндөмдүүлүктөрү алар жаңы тапшырмаларды пассивдүү өздөштүргөндө эмес,өз алдынча окуп-таанып билүү ишмердигине активдүү катышуусунда гана калыптанат.




Балдар мүмкүнчүлүгүнүн жетишинче өз алдынча окушу керек, ал эми мугалим ушул өз алдынча процесске жетекчилик кылып, ал үчүн материал берип турушу керек.

Scanned by TapScanner

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | ***түшүндүргөн. Ордендерди бул өңдөгү тасма менен коздоо Советтер Союзунда да колдонулуп, Улуу Ата Мекендик согуштан кийин Георгий тасмасы эр жүрөктүүлүктүн белгиси катары эсептелип калган.***<br><br>**РАФТ стратегиясы менен иштешет.**<br><br>**Тест**<br>**Элективдүү тест**<br>**1. Улуу Ата Мекендик согуш канчанчы жылы башталып, канчанчы жылы бүткөн?**<br>**А) 1941-1945-жылы**<br>**б) 1945-1949-жылы**<br>**в) 1951-1955-жылы**<br>**2. Панфилов дивизиясында канча жоокерге баатыр наамы ыйгарылган?**<br>**А) 25 б) 28 в) 30**<br>**3. «9-май» ырынын автору ?**<br>**А) Сооронбай Жусуев**<br>**б) Каныбек Жунушев**<br>**в) Токтосун Самудинов**<br>**4. Жеңиш айылынан согушта курман болгондордун саны?**<br>**А) 26 б) 30 в) 21**<br>**5. Быйыл Жеңиштин канча жылдыгын белгилейбиз?**<br>**А) 73**<br>**б) 71**<br>**в) 74** | Роль тандап жазышат, окуп беришет<br><br>Окуучулар туура жообун көрсөтүшөт | | ПК-5 |
| **9.Жалпы-лоо бышыктоо** | **5 мин** | **Карточка менен иштөө**<br>**Слайд менен жыйынтыкталат.** | Карточкалардагы суроолорго жооп беришет.<br><br>Слайд көрүшөт. | НК-3 | ПК-5 |
| **10.Баалоо** | **2 мин** | Мугалимдин баалоосу | Чогулткан карточкаларды санашат. | | |
| **11.Үй тапшырма** | **2 мин** | 9-май ырын жаттап келүү | Күндөлүгүнө жазышат. | | |

Б.Арунова ар бир сабактын этабында негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү планында белгилеген. Интерактивдүү усулдардын түрлөрүн колдонгон.

Педагогикалык устакананын жылдык иш планы боюнча «Компетенттүүлүк деген эмне?» деген темада мугалимдер жамаатына табият таануу бирикмесинин мугалимдери семинар өтүп беришти. Анда компетенттүүлүк тууралуу маалымат берилип, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө басым жасалды. Бул компетенттүүлүктөр сабактын күнүмдүк планын жазууда сөзсүз жазылыш керектигин жана сабактын этаптарында предметтик компетенттүүлүктөрдү белгилеп жазуу керектигин эскертишти. Берилген маалыматтар мугалимдерге керектүү болуп, түшүнүү менен колдонуп жатышты.

Scanned by TapScanner